# Мукамбет Мамбетов атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата соцпедагогдун ишине анализ

Мукамбет Мамбетов атындагы орто мектептин 2022-2023-окуу жылына карата, соц педагог катары Алышерова Нургүл Эшеналиевна иш алпарды. 2022-2023-окуу жылына карата жылдык план кабыл алынган.Андан тышкары айлык,жумалык пландар кабыл алынып иштелип турат.Кабыл алынган план боюнча мектепке келген 1-класстардын окуучуларынын социалдык паспорттору түзүлдү,андан тышкары жаңы келген жаш мугалимдер,тех кызматкерлердин арасында социалдык паспортору толукталды. Жыл башында мектеп окуучуларынын соц паспорттору жаңыланды.Жыл ичинде мектеп окуучуларыдын социалдык абалын тактоо диагностикасы жүргүзүлүп, класс жетекчилер менен бирге жарым-жартылай жетим ,мигрант ата-энелердин жана окуучулардын,андан тышкары ажырашкан, ошондой эле чыр-чатак чыгарган көп ичкен үй-бүлөлөрдүн тизмелери такталды.

***Жалпы мектептеги балдардын саны – 0-11- класстар боюнча 416/196 окуучу түздү. Ал эми 1-11-класстар боюнча 372/177***

| № | Окуучулардын жалпы саны | 416 |
|---|---|---|
| 1 | Толук жетимдер | 1 |
| 2 | Жарым жетимдер | 18/5 |
| 3 | Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар | 4/1<br>Ашымова А<br>Көбөгөнов Н,<br>Жанарбеков Н<br>Сапарбеков Б |
| 4 | Ата-энеси майыптар | - |
| 5 | Аз камсыз үй -бүлөлөр | 11 |
| 6 | Көп балалуу | 17 |
| 7 | Толук эмес үй -бүлөлөр ( кооптуу, ажырашкан үй-бүлөлөр) | 17/6 |
| 8 | Малчылардын балдары | 13 |
| 9 | Тышкы мигранттар | 16/7 |
| 10 | Ички мигранттар | 6/1 |
| 11 | Жалпы мигрант | 22/8 |

Жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүнүн кызматкерлери мектеп окуучуларынын кылмыштуулукту, укук бузууну алдын- алуу боюнча түшүндүрүү иштери, турмуш-шарты оор балдардын, миграцияда ата-энелердин балдарынын үйүнө айыл аймактык социалдык коргоочу менен айыл ичин кыдырып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Мигрант ата-энелерден доверенность , мыйзамдуу өкүлдөрдөн милдеттенме,алардын тастыктоочу документтери тиркелди Ошондой эле кооптуу үй-бүлөдөгү окуучулар менен иштеп, мектептин ички көзөмөлүнө окуучуларды педсоветтин чечими менен киргизилди. 8-9-10-класстарга "Рекетчиликтин себептери " деген темада ангемелешүү жүргүзүлүп, ага ИДН кызматкерлери соц.педагог, тарбия иштери боюнча уюштуруучу катышты. Диний экстремизм " боюнча дин таануу сабагынан берген мугалим Атантаев Ж жана айыл имамы

Максүтов Таалай менен бирдикте 8-11-класстарга "Азыркы мезгилдеги диндин таралышы" боюнча түшүндүрүү жана толук маалымат берилди. Кылымыштуулуктун алдын-алуу боюнча ИДН кызматкерлери менен биргеликте күндүзгү жана түнкү рейддер жүргүзүлүп турду. "Зордук-зомбулуксуз жашоо"- деген темада 9-10-класстарга лекция окулду. Класс жетекчилер тарабынан кылмыштуулукту жана суицидди алдын алуу боюнча ар бир класска ачык тарбиялык сааттар, класстык сааттар, ата-энелер чогулушунда жана "Энелер мектебинин" алкагында өтүлгөн чогулуштарда өтүлдү. Суицидди алдын алуу максатында "Суицидди алдын алуу күн сайын"-деген урааида 1 айлык жарыяланып, ачык тарбиялык сааттар, сахна сабактар, класстык сааттар, көрсөтмөлөр, ата-энелер чогулушунда"Өз өмүрүнө кол салуунун себептери" деген темада видеолор көрсөтүлдү. Окуучуларга ар тараптуу түшүндүрүү иштери болду. Суицид боюнча 2021-2022-окуу жылдарында 2 окуучу өз жанын кыйышкан 2 окуучу тен мугалим энелердин балдары муктаждыктары жок мал жандуу үй бүлөлөрдөн . Токторов Нурлан 6-класстын окуучусу техникага кызыккан атасы балдарынын керектөөсүн камсыз кылчу , коомдук иштерге активдүү катышкан мүнөзү ачык сабагын ортодон жогору окуучу ага себеп чейрек жакындаганынан атасы телефонуна бирдик салган эмес . Ошентип 2021-жылдын 22-март күнү үйүнүн чатырынан табышты. 2022-жылдын 30-апрелинде 11-класстын окуучусу Турсунбеков Нурел да өз жанын кыйды . Бул окуучу да толук үй бүлөдөн апасы мугалим, коомдук иштерге активдүү катышкан предметтик олимпиадага катышкан спорттун волейбол түрүндө курама команданын мыкты оюнчусу райондук, областтык женүүчүсү, Республикалык спартакиадага барган аткан. Зордук зомбулукка карата зона арасында өткөрүлгөн театр форумда милициянын ролун аткарган окуучу болчу. Өз жанын кыюуларынын себептери такталган жок.
Сабакка тартылбаган, сабактан себепсиз калган окуучулар менен сүйлөшүп, окуучулар арасында анкеталар жүргүзүлдү. Проблемасы бар үй-бүлөлөргө барып кабар алынып турду. Жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун негизги көйгөйү, сабактан тышкаркы мезгилде, тактап айтканда, укук бузуулардын саны кечинде, каникул убагында жана дем алыш күндөргө туура келет ж.б. Андай учурларда балдар үчүн мыйзамдуу өкүлдөр келишип, ата-энелерди чакыртып түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Алдын алуу иштери жүргүзүлгөндүнө карабастан 2022-жылдын 10-августунда 6-класстын окуучусу Качкынов Фархат эч себепсиз үйүнөн чыгып кетип жок деген кабар угулуп , мектеп коллективи, айыл активдери сураштыруу иштери жүргүзүлүп, Укук коргоо органдарына билдирилди. 1- август күнү Бишкек шаардык милиция кызматкерлери тарабынан табылып, ата-энесине өткөрүлүп берилди. Дароо ИДН дин учетуна алынып, актылар, милдеттенмелер жазылды . Баланын ата-энеси менен жана окуучу менен тыгыз иштер жүргүзүлгөнүнө карабастан 2022-жылдын 10-декабрында кайрадан үйдөн чыгып кетип табылбай эртеси ата-энесинен кабар түшүп, дароо укук коргоо органдары тарабынан Балыкчы шаарынан табылды. Окуучуга жана ата-энесине ар тараптуу жардамдар , түшүндүрүү иштери жана Тон райондук "Шоола Көл" коомдук бирикмеси тарабынан уюшулган "Балдарга жакындан жардам берүүчү психолог Усенкадыр кызы Асел менен 6 ай иштешип жакшы жыйынтык болду . Бул окуучунун ата-энеси бар, турмуш тиричиликтен муктаж эмес, азыркы учурда жакшы окуп жатат. Андан тышкары БУУ нун "Тынчтык куруу" фондунун колдоосу аркылуу"Жаштарды өнүктүрүү институту" коомдук фонду менен биргеликте "Бирге" жаштардын өз ара долбоорунун алкагында иштеген Гүлзат Эргешбаева аттуу ментор менен окуучуларга психология жана кесип тандоо боюнча жолугушууларды өткөрүп, айрым окуучулар менен жекече иштер жүргүзүлдү. Райондук соц.педагогдор үчүн уюштурулган семинарларга, психологдор менен өтүлгөн 3 күндүк тренингдерге катыштым жана ал боюнча Арт техниканы колдонуу менен окуучуларга

анализ жүргүзүлдү.  Социалдык педагогдор үчүн 6 сааттык 3 вебинардан турган он лайн окуусун окуп, сертификат алдым.